**«Эл аралык жарандык авиация жаатындагы Конвенцияны жана Протоколдорду ратификациялоо жөнүндө»**
**Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна**
**НЕГИЗДЕМЕ - МААЛЫМКАТ**

**1. Максаты жана милдеттери**

«Эл аралык жарандык авиация жаатындагы Конвенцияны жана Протоколдорду ратификациялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна сунушталган Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору 2016-жылдын 22-сентябрындагы БУУнун Коопсуздук Кеңеши 7775-м отурумунда кабыл алган S/RES/2309 (2016) Резолюциясына, Жарандык авиация эл аралык уюмунун Ассамблеясы кабыл алган А39-10 Резолюциясына жана башка Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жалгаштыруу зарыл болгон терроризм менен күрөшүү боюнча эл аралык документтерди аткаруу ирээтинде даярдалган.

**2. Баяндама бөлүгү**

Эл аралык жарандык авиацияга карата мыйзамсыз актыларга каршы күрөшүү жөнүндө Конвенцияга (2010-жылдын 10-сентябрында Пекинде ишке ашырылган – мындан Пекин конвенциясы).

Пекин конвенциясы 1971-жылдын 23-сентябрында Монреалда кол коюлган "Жарандык авиациянын коопсуздугуна каршы мыйзамсыз актыларга каршы күрөшүү жөнүндө конвенцияны" (1971-жылдагы Монреаль конвенциясы) жана 1988-жылдын 24-февралында Монреалда кол коюлган "1971-жылдын 23-сентябрында Монреалда ишке ашырылган жарандык авиациянын коопсуздугуна багытталган мыйзамсыз актыларга каршы күрөшүү жөнүндө Конвенцияны толуктаган, эл аралык жарандык авиацияны тейлеген аэропорттордогу мыйзамсыз зомбулук актыларына каршы күрөшүү боюнча Конвенциясын" бекемдейт жана жаңыртат (1988-жылдагы кошумча протокол).

Жарандык авиация үчүн жаңы жана пайда болуучу коркунучтарды, анын ичинде аталган кылмыштарды даярдоо боюнча бир катар иш-аракеттерди криминалдаштырууда бул документ, мамлекеттердин бул кылмыштардын алдын алуу, жана ошондой эле ал кылмыштарды жасагандарды сот тартибинде жоопко тартуу жана жазалоо мүмкүнчүлүгүн жогорулатат. Конвенция ошондой эле терроризмге каршы бүткүл дүйнөлүк келишим системасын чыңдоо жолу менен Бириккен Улуттар Уюмунун Глобалдык контртеррористтик стратегиясын ишке ашырууга көмөктөшөт.

Пекин Конвенциясынын башкы жаңылыгы болуп жарандык авиациянын коопсуздугуна каршы багытталган кылмыштардын түрлөрүнүн кеңейтилген тизмеси саналат. Конвенцияда "мыйзамсыз жана

атайылап" жасалган кылмыш сапатында таанылган актылардын (жосундардын) жаңы түрлөрү бекитилген.

Аба кемелерин мыйзамсыз басып алууга каршы күрөшүү жөнүндө конвенцияны толуктаган Протокол (2010-жылдын 10-сентябрында Пекинде ишке ашырылган -мындан ары Пекин протоколу).

Жарандык авиация эл аралык уюмунун (мындан ары – ИКАО) катчылыгы тарабынан жарандык авиациянын пайда болгон жаңы коркунучтары менен байланышкан аспектилер боюнча укуктук изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Бул изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча пайда болгон коркунучтарды, атап айтканда электрондук каражаттарды, химиялык заттарды колдонуу менен кол салуулар, ошондой эле аба кемелерин курал катары пайдалануу сыяктуу коркунучтарды эске алуу менен Токио, Гаага жана Монреаль Конвенцияларына өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгы жөнүндө тыянак чыгарылган. Бул конвенциялар мамлекеттер тарабынан кеңири колдонулганына карабастан, эл аралык жарандык авиациядагы жаңы жана пайда болгон коркунучтарды тийиштүү деңгээлде жөнгө салбайт. ИКАОнун колдоосу астында 2010-жылы Пекинде аба укугу боюнча Эл аралык конференция (авиациялык коопсуздук боюнча Дипломатиялык конференция) болуп өттү. Пекин протоколу, Пекин конвенциясынан айырмаланып, жарандык авиациянын коопсуздугуна каршы багытталган актылардын тизмесин кеңейтпейт, ал Гаага конвенциясы сыяктуу эле, мындай актылардын бирине гана каршы күрөшүү максатын көздөйт – аба кемелерин мыйзамсыз басып алуу.

Пекин протоколунун жаңы ачылышы, кылмыш катары квалификацияланган учакты мыйзамсыз басып алуу мүмкүн болгон жолдорду толуктоо болуп саналат. Ошентип, Пекин протоколуна ылайык, адам аба кемесин коркутуп, зомбулук көрсөтөм деп коркутуу же коркутуунун башка түрү менен гана эмес, ошондой эле кандайдыр бир техникалык каражаттарды колдонуу жолу менен мыйзамсыз басып алса, кылмыш жасаган деп эсептелет. Техникалык каражаттарды колдонуу менен байланышкан коркунуч аба кемесинин бортунда түздөн-түз болушу мүмкүн болгон жана мүмкүн болбогон адамдан келип чыгышы мүмкүн.

Пекин конвенциясында жана Пекин протоколунда бекитилген маанилүү жобо болуп, жардам берүү же өз ара жардам берүү өтүнүчү четке кагылбайт анткени саясий кылмышка ал саясий мотивдер менен болгон кылмыштар же саясий кылмыш болгондугу үчүн гана четке кагылбайт деген жобо болуп саналат. Бирок, эгерде мындай берүү ошол адамды расасына, улутуна, динине, саясий көз-карашына, этностук тегине байланыштуу соттук куугунтуктоо же жазалоо максатын көздөйт деген жүйөлүү себептер бар болсо, өткөрүп берүүдөн баш тартылышы мүмкүн.

Пекин конвенциясында жана Пекин протоколунда аларда каралган кылмыштарды жасоого көмөктөшкөн юридикалык жактардын жоопкерчилигине тиешелүү жоболор бекитилген (мисалы, каржылоо жолу менен). Ар бир Катышуучу-мамлекет өзүнүн ички укугунун принциптерине ылайык, өзүнүн аймагында жайгашкан же анын

мыйзамдары боюнча түзүлгөн юридикалык жакты ушул сапатта иш алып барган, ошол юридикалык жакты башкарууга же контролдоого жооптуу жеке адам жасаган учурда жоопкерчиликке тартуу үчүн зарыл чараларды көрө алат.

Аба кемелеринин бортунда жасалган кылмыштар жана башка кээ бир актылар жөнүндө Конвенцияны өзгөртүүчү Протокол (2014-жылдын 4–апрелинде Монреалда ишке ашырылган -мындан ары Монреаль протоколу).

Аба кемелеринин бортунда тартипсиз жүрүм-турум учурларынын санынын өсүшүнө жана олуттуулугунун жогорулашына, аба кемесинин коопсуздугуна же анын бортундагы адамдарга же мүлккө коркунуч келтиргеннине байланыштуу, 1963-жылдын 14-сентябрында Токиодо кол коюлган аба кемелеринин бортунда жасалган кылмыштар жана башка актылар жөнүндө Конвенцияны өзгөрткөн Протокол иштелип чыккан.

Монреаль протоколу аба кемелеринин бортунда тартипсиз жүрүм-туруму боюнча инциденттердин санынын өсүшүнө байланыштуу мамлекеттердин тийиштүү кылмыштарга жана актыларга карата юрисдикцияны конуу мамлекетине жана эксплуатациялоочу мамлекетке жайылтуу мүмкүнчүлүгүн кыйла кеңейтет. Монреаль протоколу ошондой эле дүйнө жүзү боюнча авиациялык коопсуздук жоболорун бекемдөөгө көмөктөшөт, анткени анда борттогу коопсуздук кызматкерлерин жана аларды коргоо чараларын мыйзамдуу таануу камтылган. А40-28 резолюциясында (С кошуу) жана А40-11 резолюциясында (В кошуу) ИКАОнун Ассамблеясы муну жасай элек бардык мамлекеттерди ушул Протоколду ратификациялоого көптөн көп чакырат.

Ошентип, Пекин конвенциясы жана Пекин протоколу авиациялык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн укуктук базаны модернизациялоо боюнча эл аралык коомчулуктун биргелешкен аракетинин натыйжасы болуп саналат. Жарандык авиация үчүн жаңы жана пайда болгон коркунучтарды түзгөн бир катар актыларды, анын ичинде кылмыш жасоого даярдык көрүү боюнча белгилүү бир аракеттерди кылмыш жоопкерчилигине тартуу менен, алар бул кылмыштардын алдын алуу жана мындай кылмыштарды жасагандарды сот тартибинде куугунтуктоо жана жазалоо маселелеринде мамлекеттердин потенциалын бекемдейт. Пекин конвенциясы жана Пекин протоколу ошондой эле 2006-жылдын 8-сентябрында кабыл алынган Бириккен Улуттар уюмунун терроризмге каршы глобалдык стратегиясын ишке ашырууга көмөктөшөт, анткени алар терроризмге каршы келишимдердин глобалдык режимин бекемдейт.

Ошол эле учурда эл аралык укуктун маанисин белгилеп жана көптөгөн мамлекеттердин аба кемелеринин бортунда тартипсиз жүрүм-турумга бөгөт коюу жана тийиштүү калыбына келтирүү максатында бири-бирине жардам көрсөтүүнү каалоосун таануу менен, ошондой эле аба кемелеринде жана аба транспортунун жердеги объекттеринде авиациялык коопсуздукту жана коомдук тартипти чыңдоо боюнча иштерди жүргүзүү менен жүргүнчүлөрдүн, экипаж мүчөлөрүнүн, персоналдын жана жалпы

калктын коопсуздугун бузуу коркунучун азайтуу максатында жогоруда аталган мыйзам долбоорун ратификациялоо зарыл деп эсептейбиз.

Учурда авиациялык коопсуздук өтө кеңири мааниде каралууда. Бул аба кемесинин коопсуздугуна же жарандык авиациянын башка объектилерине түздөн-түз каршы келген кылмыштарга, ошондой эле жарандык авиацияны туура эмес колдонууга байланыштуу кылмыштарга гана тиешелүү эмес. Мисалы, үчүнчү жактардын өмүрүнө, ден соолугуна, мүлкүнө, айлана-чөйрөгө ж. б. зыян келтирүү максатында аба кемесин пайдалануу.

**3. Мүмкүн болгон социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык жана коррупциялык кесепеттерди болжолдоо**

Бул долбоорду кабыл алуу мүмкүн болгон укуктук, укук коргоочулук, социалдык, экономикалык, экологиялык, гендердик жана коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыгы тууралуу маалымат**

Долбоор коомдук талкуулоо үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин сайтына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин сайтына алдын ала жайгаштырылган.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкештигин талдоо**

Сунушталган долбоор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине каршы келбейт. Ошол эле учурда, бул долбоорду Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык Кыргыз Республикасынын милдеттенмелерин аткаруу үчүн ратификациялоо зарыл.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Сунушталган долбоорду ишке ашыруу мамлекеттик бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарды алып келбейт.

**7. Жөнгө салуучу таасирди талдоо жөнүндө маалымат**

Сунушталган долбоор жөнгө салуучу таасирди талдоону талап кылбайт, анткени ишкердик ишти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Директор** **А.И. Настаев**